**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

# ОТЧЕТ

**Жооптуу тараптар жана аудит объектилери**

Бул аудитке карата жооптуу тарап болуп, Кара-Балта шаарынын мэриясы эсептелет, ал эми аудит объектилери болуп – Кара-Балта шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде, аудиттин предметинин аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкештиги боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкеш эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет, деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануу процесстеринин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги саналат.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышына талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам ченемдерге шайкештигине аудит;
- Кара-Балта шаардык бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- Кара-Балта шаардык бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- каржы-чарбалык ишине аудит (муниципалдык ишканалар үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттарды пайдалануунун аудити;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүлөргө аудит;
- транспорт каражаттарын күтүүгө ченемдердин сакталышына, КММ чыгымдоо ченемдерине, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж. б. аудит;
- коммуналдык жана байланыш кызматтарына акы төлөөдө каражаттардын пайдалануусуна аудит;

- коммуналдык жана байланыш кызматтарына акы төлөөгө каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоолорго каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- ижара мамилелеринин аудити;
- дебитордук жана кредитордук карыздарды талдоо;
- мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун аудити;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулук бланктарынын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун абалына аудит;
- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин бааланган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана эмгек шарттары зыяндуу же кооптуу жумуштар үчүн кошумча акыларды белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, коркунучтуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмесин бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун кыскартуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражаттарын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы №278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдагы 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана каржылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер жана башкалар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш аудиттин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы № 03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга шайкеш келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Кара-Балта шаарынын мэриясында жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүндө, чарбалык уюмдарында жана муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн аудит субъекттеринин документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, ошондой эле, муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин алкагында:

Аныкталган финансылык бузуулар, бардыгы – **5 735,0 миң сом,** анын ичинде:

- каражаттарды сарптоодогу бузуулар жана кемчиликтер – 5 651,0 миң сом, анын ичинен:

- эмгек акыны негизсиз төлөөлөр – 169,6 миң сом;
- материалдык баалуулуктарды жана эсепке берме суммаларды эсептегенде, акча каражаттарын, негизсиз эсептен чыгаруу – 16,7 миң сом;
- курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 2 317,0 миң сом;
- эсеп боюнча жашырылган дебитордук карыз – 3 147,7 миң сом.

Бюджеттин кошумча эсептелген кирешелери- 84,0 миң сом, анын ичинде:

- бюджетке которулууга тийиш болгон ижара акысы-84,0 миң сом.

Аныкталган бюджеттин рзервдери жана жоготуулары – **6 141,0** миң сом, анын ичинде:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча чыгымдары-1 063,8 миң сом;
- эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар – 2 520,6 миң сом;
- бюджетин башка резервдери жана жоготуулары – 2 556,6 миң сом.

Аныкталган рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар**- 6 818,7** миң сом, анын ичинде:

- ТМБнын нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттар – 6 818,7 миң сом.

Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар-**3 848,9** миң сом.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

2020-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жүргүзүлгөн мурдагы аудиттерде аныкталган, бардыгы:

- финансылык бузуулар - **14 770,1** миң сом суммасында,
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары - **2 971,8** миң сом суммасында;
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар - **1 192,8** миң сом суммасында;

Аныкталган финансылык бузуулардын калыбына келтирүүгө тийиш болгон суммасынан- 56,6 миң сом толук калыбына келтирилген.

**2022-жылга Кара-Балта шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсү**

Кара-Балта шаарынын 2018-2023-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (мындан ары-Программа) Кара-Балта шаардык Кеңешинин 2018-жылдын 27-июнундагы №11 токтому менен бекитилген**.** Ошондой эле, Кара-Балта шаардык Кеңешинин 2019-жылдын 29-мартындагы № 3 токтому менен Кара-Балта шаарын 2019-2023-жылдар мезгилине өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы бекитилген.

2022-жылы Кара-Балта шаарынын өнөр жай өндүрүшүнүн товардык продукциясынын көлөмү 95,5 млрд. сомду түзгөн, бул 2021-жылдын денгээлине карата 104,4 % түзөт.

Азыркы учурда 20 жылдан ашык убакыттан бери токтоп турган “Кара-Балта-килем” ЖЧК комбинатынын базасында түркиялык инвестор тарабынан “Мади Декна Бишкек текстиль” ЖЧК текстиль фабрикасын уюштуруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Инвестициянын көлөмү 29,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Бүгүнкү күндө цехтерде курулуш-монтаждоо иштери жүрүп жатат.

Өндүрүштү кеңейтүү үчүн Кара-Балта шаарынын мэриясы өндүрүштүк кубаттуулукту жогорулатуу максатында, аталган фабриканын аймагында жайгашкан жалпы аянты 28 324 кв.м. 4 жер тилкесин бөлүп берген. Суралып жаткан жер участокторду Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин ченемдерине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укуктарын акы төлөө менен берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, 49 жылдык мөөнөткө ижарага берилген.

Инвестор 450 жумушчу орунга кошумча тигүү өндүрүшүн (даяр продукцияны даярдоо) уюштуруу үчүн оюнчуктарды чыгаруучу мурдагы заводдун имаратын сатып алган. Ошондой эле, бул жерде 100 орундуу аялдар жатаканасы үчүн кошумча корпусту ачуу иштери жүрүп жатат. Азыркы учурда инвестор Германия менен кошумча тигүү жабдууларын алуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатат, келечекте 1200 адамга жумуш орундарын көбөйтүү жолу менен тигүү фабрикасынын кубаттуулугун жогорулатуу пландаштырылууда. Бардык тигүү продукциялары экспорттолот.

Тигүү фабрикасын жана “Декна Бишкек текстиль” ЖЧК текстиль фабрикасын эксплуатацияга киргизүүнү алдын ала пландаштыруу датасы- 2023-жылдын 1-жарымында.

“КГРК” ААКтын цехинин базасында түзүлгөн “Алтын групп” ЖЧКнын жаңы ишканасын ишке киргизүү иштери жүрүп жатат, анын ачылышы 2023-жылга пландалууда.

Кара-Балта ЭЭА аймагында “Жунью Технолоджи” ЖЧК ар кандай түрдөгү желимдерди, жарнамалык щиттерди ж. б. өндүрүү боюнча өндүрүшүн кеңейтүү күтүлүүдө.

Кара-Балта ЭЭА аймагында “Евразия металл” ЖЧКнын өндүрүшүн кеңейтүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө, Кара-Балта ЭЭАнан 25 га ижарага берилген, кубаттуулугу 5 мегаватт болгон электр линиялары жүргүзүлүүдө.

2022-жылы Социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин 1325-резолюциясын ишке ашыруу планы боюнча бир катар иш-чаралар өткөрүлгөн:

Аялдарды андан ары окутуу үчүн лидер аялдарды даярдоо боюнча тренинг өткөрүлгөн. Шаардагы ишкер айымдардан, кварталдык комитеттердин төрагаларынан, Социалдык контракт Долбоорунун катышуучуларынан 37 аял катышкан. ДМЧ балдары үчүн “Нурлуу балдар” борбору өз ишин жүзөгө ашырат.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын ишке ашыруунун алкагында, шаардын мэриясы 2019-2023-жылдарга карата “Өспүрүмдөр жана жаштар арасында психоактивдүү заттарды колдонуунун алдын алуу” темасында мамлекеттик социалдык тапшырык программасын иштеп чыккан. “Өзүңө ишен” КФ кызматкерлери тарабынан иш-чаралар улантылып, анын алкагында сценарий иштелип чыгып, тема, максаттар, милдеттер аныкталып, ролдор жана милдеттер бөлүштүрүлгөн.

2022-жылы 2 балдар аянтчасынын курулушу пландаштырылган, 16 балдар аянтчасы курулган.

Башкы планды иштеп чыгуу үчүн шаардын аймагын топографиялык сүрөткө тартуу боюнча маалыматтарга ээ болуу зарыл, алдын ала эсептөөлөр боюнча топографиялык иштердин наркы 12,2 млн. сомду түзөт, ошондой эле, шаардын төмөнкү бөлүгүндө жер астындагы суулардын деңгээли жогору болгондуктан инженердик-геологиялык иликтөөлөрдү жүргүзүү зарыл.

10 027,1 миң сомго Свердлов көчөсүнө капиталдык оңдоо жана Абай көчөсүнүн бир бөлүгүн оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

2022-жылдан тартып көчөлөрдү жарыктандыруу иштери жүргүзүлгөн. Жыл башынан бери эски лампаларды 1 303 даана энергия үнөмдөөчү лампаларга алмаштыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн.18 135 погондук метрде ачык зымдардын ордуна изоляцияланган зымдарды алмаштыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Көчөлөрдү жарыктандыруучу лампаларда 607 даана лампаларды алмаштыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Көчөлөрдү жарыктандыруу жана оңдоо боюнча бардыгы 10421,5 миң сомго иштер аткарылган, 2021-жылдын ушул мезгилине карата 123,3% түзгөн.

2022-жылы В.И. Ленин атындагы ШМҮ (ГДК) 289 маданий иш-чаралар өткөрүлгөн, ага 69784 көрүүчү келген. “Манас” СКде отчеттук мезгилде 39 спорттук-массалык иш-чаралар өткөрүлүп, ага 1 119 тургун катышкан.

2022-жылдын декабрына карата Кара-Балта шаарында жумушсуз жарандардын саны 428 адамды же мурдагы жылдын ушул мезгилине карата 114,1% түзгөн. Иш менен камсыз кылуу кызматына жумуш издеп 227 адам кайрылган, 8 адам коомдук иштерге жиберилген, 43 адам кесиптик билим алууга жиберилген, 52 адам кесиптик билим алгандан кийин ишке орноштурулган.

**2022-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 29-декабрындагы катына ылайык, Кара-Балта шаардык кенешинин 2023-жылдын 16-февралындагы №03 токтому менен бюджетинин бекитилген киреше бөлүгүнө 29 385,9 миң сомго көбөйүү менен

тактоолор киргизилген, анын жыйынтыгында, шаардык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы жогорулаган.

Бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор 4 жолу, Кара-Балта шаардык кеңешинин 2022-жылдын 26-январындагы №01, 2022-жылдын 14-июлундагы №02, 2022-жылдын 17-августундагы №04, 2022-жылдын 28-октябрындагы №01 жана 2023-жылдын 16-февралындагы №03 "Кара-Балта шаарынын 2022-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" жана Кара-Балта шаарынын 2023-2024-жылдарга бюджетинин болжолу жөнүндө" токтомдору менен киргизилген.

Бул учурда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин", деп белгиленген 115- беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптары бузулгандыгын белгилей кетүү керек.

2022-жылы жалпы кирешелер такталган план боюнча 307 146,4 миң сом суммасында каралган, иш жүзүндө 320 967,9 миң сомго аткарылган, бул 104,5% түзгөн же план 13 821,5 миң сомго ашыкча аткарылган.

Шаардык бюджеттин салыктык түшүүлөрү 284 183,5 миң сомду түзгөн, такталган план 273 601,7 миң сомду түзгөн же план боюнча 103,9% түзгөн, 10 581,8 миң сомго ашыкча аткарылган.

Аудит белгилегендей, салыктарды чогултуу боюнча пландык көрсөткүчтөр салыктардын жана төлөмдөрдүн төмөнкү түрлөрү боюнча олуттуу өлчөмдө аткарылган эмес:

- милдеттүү патенттин негизиндеги салык боюнча-261,7 миң сом суммасында жеткирилген планда, иш жүзүндө 125,6 миң сом түшкөн, 136,1 миң сомго аткарылган эмес, же план 48,0% аткарылган.

- ыктыярдуу патенттин негизинде салык боюнча-10 500,0 миң сом суммасында жеткирилген планда, иш жүзүндө 5 794,6 миң сом түшкөн, 4 705,4 миң сомго аткарылган эмес, же план 55,2% аткарылган.

- транспорт каражаттарына салык - 10 650,0 миң сом суммасында жеткирилген планда, 9 418,2 миң сом суммасында аткаруу камсыз кылынган, 1 231,8 миң сом түшкөн эмес, же план 88,4% аткарылган.

Салыктык эмес кирешелер боюнча 27 689,8 миң сом чогултулган, 24 450,0 миң сом планында, 3 239,8 миң сомго ашыкча аткарылган, же 113,3 %.

Атайын эсептин каражаттары боюнча план 17 580,0 миң сом болсо, иш жүзүндө түшүүлөр 18 849,3 миң сомду түзүп, 1 269,3 миң сомго ашыкча аткарылган, же план 107,2% аткарылган.

2022-жылга жайлардын ижарасы үчүн кирешелердин суммасы 644,6 миң сомду түзөт, 2022-жылга план 450,0 миң сом суммасында жеткирилген, же түзүлгөн келишимдерге караганда 194,6 миң сомго көп, бул бюджеттин күтүлгөн кирешелеринин эсептөөлөрүн түзүүдө, мэриянын бөлүмдөрүнүн ортосунда өз ара аракеттенүүнүн жоктугун билдирет.

**2022-жылга Кара-Балта шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

Кара-Балта шаарынын 2022-жылга карата бюджети шаарды көрктөндүрүүгө багытталган, б.а. чыгымдардын жалпы суммасынан ТКЧга-44,3%, билим берүүгө-28,2%, маданият, дин жана спортко-16,9% жумшоо пландалган.

2022-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү боюнча план 16 080,0 миң сом атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен 238 665,7 миң сомго бекитилген (2022 – жылдын башына карата бардыгы-31 379,9 миң сом калдыкты эсепке албаганда, анын ичинен бюджет – 30763,1 миң сом жана атайын эсептин каражаттары боюнча калдыктар 616,8 миң сом).

Жыл ичинде бюджеттин чыгаша бөлүгүн аткаруу процессинде, Кара-Балта шаардык кеңешинин 2022-жылдын бекитилген бюджетине жана шаардык бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө токтомуна ылайык, бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн

такталган планы атайын эсептин каражаттарын кошкондо 338 526,3 миң сомду түзгөн, кассалык чыгаша 262 019,4 миң сомду түзгөн, же план 77,4% аткарылган.

Бюджеттик каражаттар боюнча, 320 329,5 миң сом такталган планда, кассалык чыгаша 248 738,7 миң сомду түгөн, же пландын аткарылышы 77,7%.

Атайын эсептин каражаттары боюнча такталган план 18 196,8 миң сомду түзгөн, планды аткаруу 13 229,1 миң сомду түзгөн, же план 72,7% аткарылган.

Бюджеттик каражаттар боюнча каржылоо, бюджеттик мекемелердин берген табыштамаларга ылайык, чыгымдардын бекитилген сметасынын чегинде, кирешелердин шаардык бюджетке түшүүсүнө жараша, биринчи кезекте, чыгымдардын корголгон беренелери жана милдеттүү төлөмдөр боюнча ишке ашырылган.

Бюджеттик каражаттар боюнча бардыгы 248738,7 миң сом суммасында кассалык чыгашалар жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- чыгашалардын корголгон беренелерине, анын ичинде жарандардын жеңилдетилген категорияларына социалдык төлөмдөргө 95675,4 миң сом, же бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалардын жалпы көлөмүнөн 38,5%.

- коммуналдык кызматтар 52293,7 миң сом, же бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалардын жалпы көлөмүнөн 21,0%.

- чыгашалардын башка беренелерине 100769,6 миң сом, же бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалардын жалпы көлөмүнөн 40,5%.

701 "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр" бөлүмү боюнча такталган планда 28 378,3 миң сом каралган, кассалык аткаруу 24 051,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 23 387,3 миң сомд, же такталган планга карата 84,8% түзгөн.

706 "Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр" бөлүмү боюнча такталган планда 169 934,0 миң сом каралган, кассалык аткаруу 114 469,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 65 342,4 миң сомд, же такталган планга карата 67,4% түзгөн.

708 "Эс алуу, маданият, дин жана спорт" бөлүмү боюнча такталган планда 50 013,0 миң сом каралган, кассалык аткаруу 48 835,5 миң сомду, же такталган планга карата 97,6% түзгөн.

709 "Билим берүү" бөлүмү боюнча такталган план боюнча 90 201,0 миң сом каралган (15 515,1 миң сом суммасындагы атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен), кассалык аткаруу 74 601,0 миң сомду (11 588,5 миң сом суммасындагы атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен), иш жүзүндөгү чыгашалар – 72 238,7 миң сом (11 782,1 миң сом суммасындагы атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу менен), же такталган планга карата 82,7%.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине ылайык, бекитилген бюджеттин түзүмүндө резервдик фонд боюнча 1 500,0 миң сом суммасында ассигнованиелер каралган.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, Кара-Балта шаарынын 2022-жылга бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кара-Балта шаарынын бюджети**

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор 4 жолу, Кара-Балта шаардык кеңешинин 2022-жылдын 26-январындагы №01, 2022-жылдын 14-июлундагы №02, 2022-жылдын 17-августундагы №04, 2022-жылдын 28-октябрындагы №01 жана 2023-жылдын 16-февралындагы №03 "Кара-Балта шаарынын 2022-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" жана Кара-Балта

шаарынын 2023-2024-жылдарга бюджетинин болжолу жөнүндө" токтомдору менен киргизилген.

Бул учурда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин "бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин", деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптары бузулгандыгын белгилей кетүү керек.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген тиешелүү мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтомун бузуу менен, "Золотой петушок" балдар бакчасына караштуу майыптардын балдарынын күндүзгү борборунда 2022-жылы 6,1 штаттан ашыкча бирдик киргизилген, аларга **1 364,0** миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 200,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтомуна так шайкеш келтирилсин**.**

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата **6 112,5 миң сом** суммасында нормативден ашыкча запастар болгон, анын ичинде:

- медикаменттер жана таңуучу материалдар - 973,1 миң сом;
- запастык бөлүктөр - 364,7 миң сом;
- чарбалык материалдар жана кеңсе товарлары -4071,2 миң сом;
- башка чийки заттар жана материалдар 703,5 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдыманапов К.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттер боюнча, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кара-Балта шаарынын мэриясы**

2022-жылга чыгымдардын сметасы 20 946,1 миң сом суммасында бекитилген, 24 281,4 миң сом суммасында такталган, кассалык чыгаша 21 166,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгаша 21 040,8 миң сомду түзгөн.

2022-жылга Кара-Балта шаарынын мэриясынын резервдик фонду Кара-Балта шаардык Кеңешинин 2021-жылдагы 17-декабрындагы токтомуна ылайык, 1 5000,0 миң сом суммасында каралган, иш жүзүндөгү чыгымдар 1 478,9 миң сомду түзгөн. Бөлүнгөн акча каражаттары Кара-Балта шаарынын мэринин буйругуна ылайык, социалдык-маданий жана башка иш-чараларды өткөрүүгө, материалдык жардам көрсөтүүгө жумшалган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын жана 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, бош кызмат орундары болгондугуна байланыштуу, муниципалдык кызмат орундарын ээлеген 5 кызматкер, айкалыштыруу боюнча иш алып барган. Жыйынтыгында, негизсиз төлөөлөр **85,3** миң сомду түзгөн, анын ичинен Социалдык фондго чегерүүлөр 12,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинини талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, Кара-Балта шаардык Кеңешинин 2022-жылдын 26-январындагы № 01 "Кара-Балта шаарынын 2022-жылга бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" токтомунун негизинде, бекитилген типтүү штаттык бирдиктерден тышкары кварталдык комитеттердин төрагаларынын 52 штаттык бирдиктери киргизилген, аларды каржылоого **1071,0** миң сом сарпталган, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр 157,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна так шайкеш келтирилсин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жайыл районунун Соттук аткаруучулар кызматы бөлүнүшүнүн 2022-жылдын 18-июлундагы № 08-3/4072 аткаруу баракчасына ылайык, Чүй областынын Жайыл райондук сотунун 2022-жылдын 13-июнундагы № ГД-477/22-ч.2 чечими жана Кара-Балта шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 27-сентябрындагы № 181-т тескемеси менен, жергиликтүү бюджеттин эсебинен Т.Б. Карагуловго **249,4** миң сом (ишке аргасыз чыкпаган убактысы үчүн эмгек акы) төлөнүп берилген, бул бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) коюу, 249,4 миң сом жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толтуруу мүмкүнчүлүгү каралсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдыманапов К.

**Кара-Балта шаардык билим берүүнү материалдык-финансылык жабдуу бөлүмү**

2022-жылга баштапкы смета 44 077,6 миң сомго каралган, жыл ичинде 64 913,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар – 53 687,6 миң сом, иш жүзүндөгү чыгымдар-50 960,4 миң сом.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы №1 орто мектеп боюнча жылуулук энергиясын пайдаланууга 550,1 миң Г/кал ченем бекитилген, иш жүзүндө 625,29 миң Г/кал пайдаланылган, же ашыкча чыгым 75,19 миң Г/кал, 554,9 миң сомду түзгөн.

Ушул сыяктуу эле, № 9 орто мектепте жылуулук энергиясын пайдаланууга 435,2 миң Г/кал ченем бекитилген, иш жүзүндө пайдалануу 504,1 миң Г/кал түзгөн, же ашыкча чыгым 68,9 миң Г/кал, 589,9 миң сомду түзгөн.

Жылуулук энергиясынын ашыкча чыгымы бардыгы 144,16 миң Г/кал, же **1 063,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, жылуулук энергиясына бекитилген ченемдер так сакталсын. Коммуналдык кызматтардын жаңы керектөөчүлөрү пайда болгон учурда, белгиленген ченемдерди өзгөртүү боюнча өз убагында чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, **23,9** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн тышкы адис Темирбаев Б.

**Кара-Балта шаарынын мэриясына караштуу мүлккө муниципалдык менчик бөлүмү** (2023-жылдын 26-январынан тартып Кара-Балта шаарынын мэриясынын маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгына кошулуу жолу менен кайра түзүлгөн)

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 47 839,5 миң сом суммасына бекитилген, 90 668,5 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 62 177,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 24 720,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 3 кызматкер кабыл алынган, аларга **62,8** миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 3-бөлүгү так жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттерде жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Кара-Балта шаарынын мэриясынын имаратынын фасадын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Мадимаров" ЖЧКсы тарабынан **45,8** миң сомго;
- "Коллектордук-дренаждык тармактарды тазалоо" объектиси боюнча подрядчы "Мадимаров" ЖЧКсы тарабынан **176,2** миң сом;

- "Кара-Балта шаарында 300 орундуу трибунасы бар футбол аянтчасын куруу" объектиси боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан **168,7** миң сом;

- "Кара-Балта шаарынын милициясы үчүн аймактык пунктун куруу" объектиси боюнча подрядчы "МырзаСтрой КейДжи" ЖЧКсы тарабынан **11,3** миң сом;

- "Кара-Балта шаарындагы № 11 орто мектебиндеги жылытуу түтүктөрүн алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы"ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан **12,3** миң сом;

- "Кара-Балта шаарындагы Свердлов көчөсүн капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кара-Балта Жол Курулуш" ЖЧКсы тарабынан **492,8** миң сом;

- Кара-Балта шаарынын №3 орто мектебинин ашканасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Устат-97" ЖЧКсы тарабынан **36,5** миң сом;

- "Кара-Балта шаарынын №5 орто мектебинин ашканасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Устат-97" ЖЧК тарабынан **14,3** миң сом;

- "Т. Кожомбердиев көчөсүндө лотоктордун жабуу плиталарын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "Коммунальщик плюс" ЖЧКсы тарабынан **14,7** миң сом;

- "Дельфин" бала бакчасы боюнча кошумча иштер" объектиси боюнча подрядчы "Стрим групп" ЖЧК тарабынан **664,4** миң сом;

- "Дельфин" балдар бакчасында оңдоо иштерин аяктоо" объектиси боюнча подрядчы "Стрим групп" ЖЧКсы тарабынан **630,0** миң сом;

- "Жайыл райондук аймактык ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүндөгү сантехникалык иштер" объектиси подрядчы "Кыргыз строй групп" ЖЧКсы тарабынан **50,0** миң сом.

Бардыгы **2 317,**0 миң сом суммасында жумуштардын наркынын жогорулагандыгы аныкталган.

Мындан тышкары, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, объекттерди тапшыруу мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн үстөк айып (неустойка) эсептелген:

- "Кара-Балта шаарындагы Ленин атындагы маданият үйүнүн чыгыш тарабындагы паркты көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧК тарабынан **93,0** миң сом суммасында;

- "Кара-Балта шаарындагы Ленин атындагы маданият үйүнүн металл чатырын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан **18,0** миң сом;

- "Кара-Балта шаарындагы №11-мектептин жылытуу түтүктөрүн алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан **1,6** миң сом;

- "Керемет бөбок" балдар бакчасындагы электроконвекторлорду алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "Кыргызбилдкомпани" ЖЧКсы тарабынан **5,0** миң сом;

- "Кара-Балта шаарынын аймагында таштанды челектерин орнотуу аянтчасын тосуу" объектиси боюнча подрядчы "Устат-97" ЖЧКсы тарабынан **5,5** миң сом;

- "Дельфин" бала бакчасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Стрим групп" ЖЧК сы тарабынан **393,8** миң сом.

Түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, объекттерди тапшыруу мөөнөтүн бузгандыгы үчүн подрядчыларга бардыгы **516,9** миң сом үстөк айып (неустойка) салынган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган жумуштардын наркынын жогорутулышын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Кара-Балта шаарынын мэриясынын имаратынын фасадын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы"Мадимаров" ЖЧКсы тарабынан 45,8 миң сомго;

- "Коллектордук-дренаждык тармактарды тазалоо" объектиси боюнча подрядчы "Мадимаров" ЖЧКсы тарабынан 176,2 миң сом;

- "Кара-Балта шаарында 300 орундуу трибунасы бар футбол аянтчасын куруу" объектиси боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан 168,7 миң сом;

- "Кара-Балта шаарынын милициясы үчүн аймактык пунктун куруу" объектиси боюнча подрядчы "МырзаСтрой КейДжи" ЖЧКсы тарабынан 11,3 миң сом;

- "Кара-Балта шаарындагы № 11 орто мектебиндеги жылытуу түтүктөрүн алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы"ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 12,3 миң сом;

- "Кара-Балта шаарындагы Свердлов көчөсүн капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кара-Балта Жол Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 492,8 миң сом;

- Кара-Балта шаарынын №3 орто мектебинин ашканасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Устат-97" ЖЧКсы тарабынан 36,5 миң сом;

- "Кара-Балта шаарынын №5 орто мектебинин ашканасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Устат-97" ЖЧК тарабынан 14,3 миң сом;

- "Т. Кожомбердиев көчөсүндө лотоктордун жабуу плиталарын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "Коммунальщик плюс" ЖЧКсы тарабынан 14,7 миң сом;

- "Дельфин" бала бакчасы боюнча кошумча иштер" объектиси боюнча подрядчы "Стрим групп" ЖЧК тарабынан 664,4 миң сом;

- "Дельфин" балдар бакчасында оңдоо иштерин аяктоо" объектиси боюнча подрядчы "Стрим групп" ЖЧКсы тарабынан 630,0 миң сом;

- "Жайыл райондук аймактык ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүндөгү сантехникалык иштер" объектиси подрядчы "Кыргыз строй групп" ЖЧКсы тарабынан 50,0 миң сом.

Ошондой эле, аудиттердин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык, объекттерди тапшыруу мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн үстөк айып (неустойка) өндүрүлсүн:

- " Кара-Балта шаарындагы Ленин атындагы маданият үйүнүн чыгыш тарабындагы паркты көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧК тарабынан 93,0 миң сом суммасында;

- "Кара-Балта шаарындагы Ленин атындагы маданият үйүнүн металл чатырын алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 18,0 миң сом;

- "Кара-Балта шаарындагы №91-мектептин жылытуу түтүктөрүн алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "ВОЛПС-Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 1,6 миң сом;

- "Керемет бөбок" балдар бакчасындагы электроконвекторлорду алмаштыруу" объектиси боюнча подрядчы "Кыргызбилдкомпани" ЖЧКсы тарабынан 5,0 миң сом;

- "Кара-Балта шаарынын аймагында таштанды челектерин орнотуу аянтчасын тосуу" объектиси боюнча подрядчы "Устат-97" ЖЧКсы тарабынан 5,5 миң сом;

- "Дельфин" бала бакчасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Стрим групп" ЖЧК сы тарабынан 393,8 миң сом.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте муниципалдык Кара-Балта шаарынын Мүлккө муниципалдык менчик башкармалыгынын кызматкерлеринин көзөмөлсүз жана жоопкерчиликсиздигинен улам, муниципалдык жерлердин жана имараттардын ижарасы боюнча тиешелүү эсеп жүргүзүлгөн эмес. Жыйынтыгында, аудиттин жүрүшүндө, 2022-жылдын аягына карата муниципалдык жерлердин жана имараттардын ижарасы боюнча **3 147,7** миң сом суммасындагы дебитордук карыз эсеп боюнча көрсөтүлбөгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама:**

Муниципалдык жерлердин жана имараттардын ижарасы боюнча аныкталган 3 147,7 миң сом суммасындагы дебитордук карыз эсеп боюнча калыбына келтирилсин.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы муниципалдык жерлерди сатуудан түшкөн **457,1** миң сом атайын эсепке которулган, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрында № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде

топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык, жергиликтүү бюджетке которулууга тийиш.

**Сунуштама:**

Муниципалдык жерлерди сатуудан түшкөн 457,1 миң сом бюджетке которулсун. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте, аудит мезгилинде, Кара-Балта шаарынын Мүлккө муниципалдык менчик башкармалыгынын кызматкерлеринин көзөмөлсүз жана жоопкерчиликсиздигинен улам, “калктуу конуштардын жерлери” категориясындагы муниципалдык жерлердин 23 937м2 талап кылынбай калган. Ошентип, ижара акысынын түшпөй калуусунан жергиликтүү бюджеттин жоготуулары **1 333, 2** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кара-Балта шаарынын Мүлккө муниципалдык менчик башкармалыгынын кызматкерлеринин күнөөсү боюнча 23 937 м2 муниципалдык жерлер ижарага берилбей калгандыгы үчүн бул кызматкерлерге карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн. Бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо максатында, жерлерди толук көлөмдө ижарага берүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Муниципалдык менчик башкармалыгынын балансында 14,1 га айыл чарба жерлери катталган. Бирок, бул жерлерге Мамкаттоонун атайын күбөлүгү жок. Бул жер 2018-жылдын 13-апрелиндеги келишимге ылайык, А. Э. Эркебековага 2020-жылдын 30-ноябрына чейин 4650 сом ижара акысы менен 1 жылдык мөөнөткө ижарага берилгендиги аныкталган. Мында, бул жер ижарага Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдагы 22-июнундагы № 243 токтому менен жактырылган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобонун талаптарын бузуу менен, аукцион же конкурс өткөрүлбөстөн берилген. 12,0 миң сом суммасындагы ижара акысы, аудит жүргүзүү учуруна төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ижарачы А.Э. Эркебековдон 12,0 миң сом суммасындагы ижара акысын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн. Кыска мөөнөттө 14,1 га айыл чарба жерлерин кыймылсыз мүлккө менчик укуктарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда каттоо камсыз кылынсын.

Мындан ары, жерлерди ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен жактырылган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобонун талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун талаптарын бузуу менен, аудит мезгилинде, аукцион же конкурс өткөрүлбөстөн, 207 ижарачыга 4 348,0 сом суммасына жерлер берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, аукцион же конкурс түрүндө ачык тооруктарды милдеттүү өткөрүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобонун талаптарынын так сакталышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Туйтенов Н. жана Кубанычбеков Д.

**Кара-Балта "Манас"спорт комплекси**

(2023-жылдын 26-январынан тартып Кара-Балта шаарынын мэриясынын Маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгына кошулуу жолу менен кайра түзүлгөн).

2022-жылга чыгымдар сметасы 24 425,4 миң сомго бекитилип, 29 624,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 29 195,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 25 858,7 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2009-жылдын 15-августундагы № 004А-031 келишимине ылайык, "Альфа Телеком" ЖАКтан жердин ижарасы үчүн, атайын эсебине **84,0** миң сом түшкөн, бул акча каражаттары жергиликтүү бюджетке которулууга тийиш.

**Сунуштама:**

"Альфа Телеком" ЖАКтан жердин ижарасы үчүн атайын эсепке түшкөн 84,0 миң сом жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулсун. Мындан ары, ижарачыларга ижара төлөмдөрүн толугу менен жергиликтүү бюджеттин эсебине которуу милдеттендирилсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунун "атайын эсептин каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо штаттык санды күтүү боюнча чыгаша милдеттенмелерине жумшалбайт", деп белгиленген 15-пунктунун талаптарын бузуу менен, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен штаттык бирдик киргизилген, ага 2022-жылы **85,6** миң сом өлчөмүндө эмгек акы эсептелген, анын ичинде Социалдык фондго төгүмдөргө 12,6 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомуна ылайык, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен штаттык бирдик киргизүү практикасы токтотулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, **14,1** миң сом ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Ашыкча төлөнгөн 14,1 миң сом өндүрүлүп, бюджетке которулсун. Мындан ары, токтомдун талаптары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Жолдошев Р, тышкы адис Токтосунов К.

**В.И. Ленин атындагы маданият сарайы**

(2023-жылдын 26-январынан тартып Кара-Балта шаарынын мэриясынын Маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгына кошулуу жолу менен кайра түзүлгөн).

2022 – жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 6 956,2 миң сомго бекитилген, 9 809,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 9 676,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 9 058,2 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын башына карата атайын эсептин каражаттарынын калдыгы 24,7 миң сомду түзгөн. Киреше бөлүгү смета боюнча 350,0 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөрүүлөрдү эске алуу менен 350,0 миң сомго такталган, жыл ичинде 184,5 миң сом түшкөн. Чыгаша бөлүгү 350,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 374,7 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 134,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 145,5 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын аягына карата **184,9** миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кутпидин уулу А.

**А.С. Макаренко атындагы №10 Инновациялык орто мектеп-гимназиясы**

2022-жылга смета 36 359,1 миң сомго бекитилген, 36 090,5 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 44 419,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 44 578,2 миң сомду түзгөн. Анын ичинде: республикалык бюджеттен гимназияны күтүүгө чыгымдар сметасы боюнча 26 987,1 миң сом бекитилген, такталган чыгымдар сметасы 26 318,5 миң сомду түзгөн, ачыган насыялар 25 769,7 миң сом, кассалык чыгымдар 25 769,7 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү чыгымдар 25 586,6 миң сомду түзгөн; жергиликтүү бюджеттен 9 372,0 миң сом бекитилген, смета боюнча 9 772,0 миң сом такталган, кассалык чыгымдар 9 324,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 9 495,8 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 511 "Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомун бузуу менен, орто мектептерде мугалимдер жетишпегендиктен, ашык мугалимдердин белгиленген ченемдерден ашыкча окуу жүктөмдөрү тарификацияга киргизилген, анын натыйжасында **21,5** миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мугалимдердин эмгек акысын эсептөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 511 "Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому так жетекчиликке алсын.

Аудит жүргүзгөн тышкы адис Темирбаев Б.

**Кара-Балта шаарынын мэриясына караштуу "Кара-Балта суу каналы" муниципалдык ишканасы**

2022-жылга Кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчетко ылайык, отчеттук мезгилде сатуудан (операциялык иштерден түшкөн негизги киреше) 54 454,0 миң сом түшкөн, товарларды сатуунун, кызмат көрсөтүүнүн өздүк наркы 44 887,7 миң сомду түзгөн. 10 566,3 миң сом дүң киреше алынган.

Башка операциялык иштерден түшкөн кирешелер чыгашалардан ашып кеткен жана 435,2 миң сомду түзгөн. Операциялык чыгымдар 17 005,3 миң сомду түзгөн. Операциялык эмес иштерден чыгымдар 12 513,8 миң сомду түзгөн.

Натыйжада, ишкана тарабынан 2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча 17 588,4 миң сом суммасында зыян алынган же 2021-жылга салыштырмалуу 1 458,9 миң сомго көбөйгөн (2021-жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана тарткан зыяны 16 129,5 миң сомду түзгөн).

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кара-Балта шаарынын калкынын саны жөнүндө маалыматтарды талдоо, болжол менен 6 938 адам Кара-Балта шаарынын мэриясына караштуу "Кара-Балта суу каналы"

муниципалдык ишканасынын абоненттик базасына кирбегендигин көрсөткөн. Ушуга байланыштуу, ишкананын аудит мезгилинде алынбай калган, эсептик кирешелери бир адамга 46,23 сом эсебинде, айына **3 848,9** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатуу максатында, абоненттик базаны максималдуу көбөйтүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Абдыманапов К.

**“Универсал” муниципалдык ишканасы**

“Универсал” муниципалдык ишканасынын 2020-2021-жылдар аралыгындагы ишине аудит УКМКнын Чүй облусу боюнча башкармалыгы тарабынан бухгалтердик документтери алынгандыгына байланыштуу, жүргүзүлгөн эмес.

2022-жылга Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко (форма 2) ылайык бекитилген план 57 884,8 миң сомд түзгөн, такталган план 78 833,9 миң сом, кассалык чыгаша 52 082,3 миң сом, иш жүзүндөгү чыгаша 40 411,7 миң сомду түзгөн.

2022-жылга Атайын каражаттар боюнча чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко (форма 4) ылайык, жыл башына карата калдык 360,3 миң сом, кирешелердин түшүүсү 70,0 миң сомго пландалган, иш жүзүндө 2 338,6 миң сом түшкөн, чыгымдар 70,0 миң сомго пландалган, 430,3 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү чыгымдар 118,7 миң сомду түзгөн, жылдын аягындагы калдык 2580,2 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкана 2020-жылдын 18-октябрында бекитилген өзүнүн Уставына ылайык, чарбакер субъект болуп саналат, демек, бухгалтердик эсепти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык жүргүзүүгө тийиш. Бирок, финансылык отчеттуулук бюджеттик мекемедегидей эле, 2 жана 4-формалар боюнча отчетторду түзүү менен жүргүзүлөт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

“Универсал" муниципалдык ишканасынын мурдагы директору С. Джамангулов тарабынан 2022-жылы жеке автоунаасын пайдалангандыгы үчүн, компенсация түрүндө **2,6** миң сомго 40 литр АИ -92 бензини алынган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомун бузуу менен, тиешелүү буйрук чыгарылган эмес жана унаанын техникалык паспортунун көчүрмөсү жок.

**Сунуштама:**

“Универсал" муниципалдык ишканасынын мурдагы директору С. Джамангуловдон 2,6 миң сом өндүрүлсүн. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы № 672 “Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына башка чийки заттар жана материалдардын **497,4** миң сомго нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык, өз убагында жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик  инспектор Абдуллаев Ш.

**Жыйынтык:**

Жүргүзүлгөн аудитте, төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспекттер боюнча, аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кара-Балта шаардык Кеңеши**

2022-жылга чыгаша бөлүгү 4 304,1 миң сом суммасында бекитилген, чыгашалардын такталган сметасы 4 096,8 миң сомду, кассалык чыгаша 2 884,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 2 846,5 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик  инспектор Абдыманапов К

**“Кара-Балта МФК”**

(26.01.2023-жылдын  26-январынан тартып Кара-Балта шаарынын мэриясынын Маданият, спорт жана муниципалдык менчик башкармалыгына кошуу жолу менен кайра түзүлгөн)

2022 – жылга чыгымдарн сметасы 7 000,0 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 8 549,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 8 543,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 8 940,3 миң сомду түзгөн.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчиси** **А.Б. Туркбаев**

Аткарган: мамлекеттик инспектор К. Абдыманапов тел. +996(312)623 518